УДК:316.85:378.1.

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ ТЕХНОЛОГДУН КЕСИПТИК САПАТТАРЫНЫН ТҮЗҮМҮНДӨ КОММУНИКАЦИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮН МААНИСИ

***Бектеналиева Дилбара Көкталовна,*** аспирант, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66, e-mail: d.eralieva74@mail.ru

**Аннотация:** Макалада болочок инженер-технологдордун коммуникациялык компетенттүүлүгүнүн негизги түзүүчүлөрү баяндалды. Студенттердин коммуникациялык компетенцияларын калыптандыруунун психологиялык-педагогикалык негиздери аныкталды. Коммуникациялык билгичтиктер жана жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүнүн тышкы жана ички шарттары ачыкталды. Коомдун илимий-техникалык прогрессинин, өндүрүштүк жана технологиялык процесстердин пайдубалы болгон табигый илимий дисциплиналардын теориялык жана колдонмолук рольдору ачыкталып берилди. Өндүрүштүк-технологиялык процессте инсан аралык мамилеге, баарлашууга, жамаат менен өз ара аракеттенүүлөрдүн психологиялык аспектилерине маанилүү роль берилиши көрсөтүлгөн.

**Түйүндүү сөздөр:** коммуникациялык компетенттүүлүк, болочок технолог, кесиптик сапаттар, коммуникациялык билимдер жана билгичтиктер калыптандыруунун шарттары.

# ЗНАЧЕНИЕ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ В СТРУКТУРЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ КАЧЕСТВ БУДУЩЕГО ТЕХНОЛОГА

***Бектеналиева Дилбар Кокталовна,*** аспирант, Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66, e-mail: d.eralieva74@mail.ru

**Аннотация:** В статье описаны основные составляющие коммуникативной компетентности будущих инженеров-технологов. Раскрыты психолого-педагогические основы формирования коммуникативных компетенций студентов. Выявлены внешние и внутренние условия развития коммуникативных умений и способностей. Определены теоретическая и прикладная роли естественнонаучных дисциплин, составляющих основу научно-технического прогресса, производственных и технологических процессов. Показано, что в производственно-технологическом процессе важная роль отводится межличностным отношениям, общению, психологическим аспектам взаимодействия с сообществом.

**Ключевые слова:** коммуникативная компетентность, будущий технолог, профессиональные качества, коммуникативные знания и умения условия формирования.

# THE MEANING OF COMMUNICATIVE COMPETENCE IN THE STRUCTURE OF PROFESSIONAL QUALITIES OF TECHNOLOGIST-TO-BE

***Bektenalieva Dilbar Koktalovna,*** graduate student, Kyrgyz State Technical University I. Razzakova, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, 66 Aitmatova Ave., e-mail: d.eralieva74@mail.ru

**Annotation:** this article describes the main components of communicative competence of technologist-to-be. It covers psychological and pedagogical basis in building competence of students. Article discovers external and internal conditions of development of communicative skills and abilities. The theoretical and applied roles of natural science disciplines, which form the basis of scientific and technological progress, production and technological processes, have been determined. It is shown that in the production and technological process an important role is given to interpersonal relations, communication, psychological aspects of interaction with the community.

**Keywords**: communicative competence, technologist-to-be, professional qualities, communicative knowledge, conditions of building.

Азыркы коом техникалык билим берүү системасына, адистерди даярдоо сапатына жана алардын ЖОЖдун окуу процессинде калыптандыруучу кесипкөйлүк маанилүү мүнөздөмөлөрдүн деңгээлине улам жогорулатылган талаптарды коюуда. Ал талаптарга ылайык биздин өнүгүп жаткан экономикага заманбап билимдүү, адеп-ахлактуу, чечимди өз алдынча кабыл алууга жөндөмдүү, мобилдүү, динамикалуу, конструктивдүү, компетенттүү адистер керек болууда [1, 2]. Бул талаптарды аткарыш үчүн билим берүүнүн мазмуну жана окутуунун технологияларын жаңылантуудан тышкары аталган татаал социалдуу-педагогикалык милдеттерди чечмелөөгө жөндөмдүү компетенттүү инженердик-техникалык адистерди даярдоо зарыл.

Инженер-технологдун инсандыгынын түзүмүндө негизги түзүүчүсү болуп кесиптик маанилүү сапаттар болуп эсептелет. Психологиялык-педагогикалык адабияттарда кесиптик маанилүү сапаттарды аныктоодо бир нече мамилелер белгилүү. А.В. Карповдун пикири боюнча адис үчүн "кесиптик маанилүү сапаттар - бул ишмердүүлүктүн субъектисинин эмгекти нормативдүү берилген деңгээлде аткаруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекечелик касиеттери жана алар оң, таасирдүү бир нече негизги жыйынтыктоочу

параметрлер (сапат, өндүрүмдүүлүк, ишенимдүүлүк, эстетикалуулук ж.б) корреляциялашат" [3, 28]. Анын оюунда коммуникациялык компетенттүүлүк адамдын кесиптик ишмердүүлүгүнүн алкагында ийгиликтүү адаптацияланып өзүнүн кесиптик милдеттерин дээрлик жыйынтыктуу жүргүзүүгө жардам берет.

В.Д.Шадриковдун эмгектеринде кесиптик маанилүү сапаттар "ички шарттардын ролун аткарууда ишмердүүлүктүн талаптары менен сырткы аракеттенүүлөрдүн натыйжасында ишмердүүлүктүн психологиялык системасын калыптандыруунун түйүндүү учуру болуп саналат" [4, 17]. Бул инсандын жекечелик психологиялык сапаттары жана касиеттери болуп, кесиптик ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жасоого мүмкүндүктү аныктайт. Коммуникациялык жөндөмдөр адистин "адам-өндүрүм" сферасында иштегендердин кесиптик маанилүү сапаты болуп анын башка кызматкерден айрымаланткан жекечелик мүнөздөмөсү болуп эсептелет.

В.И.Слободчиков менен Е.И.Исаев өзүлөрүнүн изилдөөлөрүндө коммуникациялык компетенттүүлүктү белгилүү шарттар бар болгондо аракет кылган жана өнүгүп турган түзүлүш катары аныкташып болочок адис билимдердин төмөнкү үч блогуна ээ болушу зарыл деп эсептешет [5].

*Биринчи* блок - бул баарлашууда кызматкерлердин жынысы, жаш курагы жана жекече инсандык өзгөчөлүктөрү жөнүндө көз карандылыкта фактологиялык билимдер, баарлашуунун механизмдерин түшүнүү, рольдук тапшырыктарды жана күтүүлөрдү билүү, этикеттин эрежелерин сактоо ж.б.

*Экинчи* блокту процедуралык-технологиялык билгичтиктер, кесиптик көндүмдөр түзөт. Алардан тышкары сүйлөөнүн жана угуунун эрежелери, кабыл алуу менен өздөштүрүүнүн механизмдери, көңүл бурууну топтоо жана кармоонун жолдору, өзүн өзү иретке келтирүү жана жөндөө ж.б.

*Үчүнчү* блокко гуманизмдин, толеранттуулуктун маңызы жөнүндө концептуалдык билимдер, баарлашуунун жалпы теориясы, жетектөөчү психологиялык-педагогикалык идеялар, өз ара катнашуунун стуруктурасы ж.б. кирет. Болочок инженер-технолог коммуникациялык билимдерди даана болуучу жагдай үчүн пайдаланганды сөзсүз түрдө үйрөнүшү керек, баарлашуунун деңгээлдеринин түрүнө карата (вербалдуу - вербалдуу эмес, жекечелик - жамааттык, диалогдук - монологдук, монипуляциялык - адаптациялык) өзүнүн коммуникациялык мүмкүнчүлүктөрүн диагноздоо.

Кээ бир учурда төмөнкүдөй көйгөй пайда болушу мүмкүн: кай бир жаш бүтүрүүчүлөр өзүнүн кесибинин теориясын жакшы өздөштүргөн дейли, технологиялык процесстердин практикалык жүргүзүшүнүн этаптарын билишет ж.б., бирок цехтеби же ишкананын жамааты менен карым-катнашты орнотууда жана кармап улантууда мүчүлүштүктөргө жол беришет. Өндүрүштүк-технологиялык процессте инсан аралык мамилелерге, баарлашууга, жамаат менен өз ара аракеттенүүлөрдүн психологиялык аспектилерине маанилүү роль берилет. Жаш адистердин булар жагынан даярдыгынын деңгээлинин төмөндүгү (же жоктугу) иштеген жериндеги кесиптештери же карамагындагы кызматкерлер менен туура контакт түзө албагандыгы, клиенттер же жабдып туруучулар менен ишенимдүү карым-катнаш болбой, тил табыша албаса, жаңжал, чыр-чатак (конфликт) чыкчу жагдайлар түзүлүшү мүмкүн. Мындай учурлардын пайда болушуна себептер көп болот, бирок негизгиси ЖОЖдо кесиптик билим берүү менен чектелип бакалаврларга баарлашуунун психологиясына, коммуникациялык компетенцияларды калыптандырууга көңүл аз бурулат.

Коммуникациялык компетенттүүлүктүн түзүмүнө кирген коммуникациялык жөндөмдүүлүктөр, билимдер, билгичтиктер менен көндүмдөр, иштиктүү катташуунун алкагында туюулуучу жана социалдык тажрыйба сыяктуу сапаттар техникалык ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө зарыл болуп саналат. Коммуникациялык компетенттүүлүк инженердин дагы, технологдун дагы кесиптик ишмердүүлүгүндөгү ийгиликтүүлүк менен тыгыз өз ара байланышкан. Мындай ийгиликтер алардын өз абалын түшүнүү жана башкаруу, баарлашуунун көрсөтмөлөрүнө ылайык башкалардын абалына

таасир этүү жөндөмдөргө окшош психологиялык факторлор менен негизделген.

Психологиялык шарттар жана болочок инженерлердин коммуникациялык компетенцияларын өнүктүрүү перспективалары студенттерде болгон коммуникациялык сапаттарды жетилтүү менен байланышкан, ал эми компетенцияларды калыптандыруу жана потенциалын жогорулатуу университетте "Инженердик психология" дисциплинасын үйрөнүүдө ишке ашырылат. Инсандын комммуникациялык сферасын өнүктүрүү так студенттик куракта дээрлик ийгиликтүү болушу төмөнкү курстарда коммуникациялык өбөлгөлөр калыптана баштап жемиштүү өнүгүүгө база түзүлүп, ошол эле убакта компетенцияларды андан ары жакшыртууга потенциал бар болот [6].

Кенже курстардын студенттерине коммуникациялык компетенттүүлүктү калыптандыруу көпчүлүк учурда билим берүүчү жагдайдын шарттары менен детерминацияланат. Андан тышкары студенттин коммуникациялык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү төмөнкү шарттарды жүзөгө ашырганда оптималдаштырыуусу мүмкүн.

1. *Тышкы* шарттарга төмөнкүлөр кирет:

- студенттерге окуу-кесиптик ишмердүүлүктүн жүрүшүндө бардык формаларында окутуучулар коммуникациялык компетенцияларды өнүктүрүүнүн милдеттүү түрдө максатын коюу;
- психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын курсунда студенттерди баарлашуунун илимий-теориялык негиздери менен тааныштыруу;
- окутуу процессте социалдык-психологиялык ыкмалардын активдүү ар кандай формаларын колдонуу;
- психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын циклындагы алкагында атайын тандоо курстарында активдүү катышуусу;
- баарлашууда керектикти калыптандыруу, өнөктөштөрдүн социалдык-рольдук диспозицияны аткаруу ж.б.у.с. кенен социалдык катнашуулардын системасына студенттерди катыштыруу.

2. *Ички* шарттарга төмөнкүлөр кирет:

- мамилечилдик, өзүнө ишенимдүүлүк, өз пикирин коргоп калууга жөндөмдүүлүк, чечкиндүүлүк сыяктуу инсандык сапаттардын бар болушу;
- өзүнө-өзү жагымдуу катнашууну өнүктүрүү, өздүк намыстуулук, маанилүүлүк сезими;
- катнашууга, баарлашууга керектикти калыптоо [7].

Инженер-технологдун коммуникациялык өзүн жөнгө салуу (саморегуляция) сапатын өнүктүрүү - кесиптештерин түшүнүп билүү, катнашуунун жагымдуу эмоциялык жагдайын түзүү ж.б., анын кесибинин талаптары менен гана байланышпастан, андан тышкары өзүнүн компетенттүүлүгү менен канааттануу, күнүмдүк эмоциялык катнашуудагы ийгиликтерге жетүү, инсандык жана кесиптик өнүгүүнү баштан өткөрүү менен да байланышта болот. Эмоциялык өзүн жөнгө салуу адиске өз алдынча коммуникациялык ийкемдүүлүктү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет, бул түшүнүк анын эмоциялык экспрессиялуулук жана туруктуулуктун гармониялык айкалышын түшүндүрөт, б.а., татаал эмоциялык шарттарда зарыл ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгү болот. "Коммуникациялык ийкемдүүлүктү өнүктүрүүнүн психологиялык шарты - бул инсандын жүрүш-туруш сферанын ролу жана маанисин аңдоо, кесиптештеринин жамаатында ишмердүүлүктү, катнашууну, баарлашууну, психикалык жана сергек ден-соолукту оптималдаштырууну билүү болуп саналат" [4, 48].

Демек, коммуникациялык компетенттүүлүк - кесипкөй чебердиктин ажырагыс инсандык түзүүчүсү, анткени дасыккан кызматкер гана жаш адистен толук баалуу, жетилген адамды тарбиялай алат. Коммуникациялык жөндөмдөрдү өнүктүрүүнү кесиптик ишмердүүлүктүн негизинде жаткан коммуникациялык билгичтиктерди калыптандыруу аркылуу жетилтүү зарыл. Коммуникациялык билгичтиктерди чаржайыт калыптандыруу кээде жеке кагылышуулар (конфликт) жагдайларды пайда болууга, жүрүм-турумдун

авторитардык стилине, кесиптештердин жана кызматкерлердин ортосундагы катнашууларда чыңалыштарга, өндүрүмдүн төмөндөшүнө, психикалык травмаларга алып келүүгө мүмкүн.

Калыптандырылган коммуникациялык билгичтиктер жана жөндөмдөр студентке баарлашуу менен катнашууда кыйынчылыктарды арылтууга жардам берет, келечектеги кесиптик ишмердүүлүктө кийинки ийгиликтерди аныктайт жана кызматында карьералык өсүүгө көмөктөйт. Коммуникациялык компетенттүүлүк кесиптик ишмердүүлүктүн өндүрүмдүүлүгүн система жаратуучу фактор катары, кесиптик компетенттүүлүкө ээ болууга жана адистин инсандык өнүгүүсүн негиздейт.

**Адабияттар**


1. Болжурова И.С. Образование в Кыргызстане: история, проблемы и достижения. - Б., 2018. - 164 с.
2. Мамбетакунов Э., Тузов Л.В., Карашев Т. Энергетика, технология жана экономиканын байланышы жөнүндө // Ж.Баласагын ат. Жарчысы, 2014. – 209-212бб.
3. Карпов А.В. Понятие профессионально важных качеств деятельности. - М.: ВЛАДОС-ПРЕСС, 2004. - 352 с.
4. Шадриков В.Д. Психология деятельности и способности человека: Учеб. пос. - М.: Логос, 1996. - 200 с.
5. Слобоучков В.И., Исаев Е.И. Психология развития человека. - М.: Высшая школа, 2013. - 400 с.
6. Бодалев А.А. Психология общения. Энциклопедический словарь. - М.: Кочито-Центр, 2011. - 600 с.
7. Мааткеримов Н.О. Бектеналиева Д.К. Инженердик адистиктин студенттеринин коммуникациялык компетенттуулугун калыптандыруунун педагогикалык шарттары // 2020.